Сүйүү арманы

Алдырба,алдырба ай,

Өзунду кусалыкка.

Эстей жүр бирок мени,

Сүйгөм деп бир убакта.

Өзүңсүз өткүм келбей,

Жалгыздык жанга жетпей.

Жашоодо бир келген ай,

Сүйүүмө калдым жетпей.

Аттиң ай,арман кылам.

Кайырма:

Кайда сөздөрүң сүйөм деген,

Сагындым сагындым ай,

Сүйүдөн зар какшап ай

Аттиң ай, арман кылам,

Сүйүүмө жетпей калгам.

Жүрөгүм кусаланып ыйлайт, ыйлайт

Сыздатып жан дүйнөмдү кыйнайт, кыйнайт

Тагдырдын буйругу ай

Курчаган жалгыздык ай,

Камалып туңгуюкка.

Кусамын мен ар дайым,

Ар качан кучагына.

Чачырап сүйүү нуру,

Каптаган бир убакта.

Шамаалдар сүйүү нурун,

Учуруп кайсыл жакка.

Кайырма:

Кайда сөздөрүң сүйөм деген,

Сагындым сагындым ай,

Сүйүдөн зар какшап ай

Аттиң ай, арман кылам,

Сүйүүмө жетпей калгам.

Жүрөгүм кусаланып ыйлайт, ыйлайт

Сыздатып жан дүйнөмдү кыйнайт, кыйнайт

Тагдырдын буйругу ай